# ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ - *ЛА* КУРАНДЫСЫНЫН СЕМАНТИКАСЫ

**ШАХИН И.**
vestnik_bgu@mail.ru

*Бардык түрк тилдеринде бул мүчө этиш жасоочу бирден-бир зң өнүмдүү куранды. Анын жардамы менен зат атоочток, сын атоочтон, тактоочтон, табыш тууранды жана элестүү сөздөрдөн, сан атоочтордун ичинен жамдама сандан туунду этиштер жасалат. Ал эми ат атоочтор сөз жасоонун базасы катары бул процесске катышпайт.*

Бул мүчө бардык түрк тилдери үчүн этиш жасоочу бирден-бир зң өнүмдүү куранды. Анын жардамы менен зат атоочток, сын атоочтон, тактоочтон, табыш тууранды жана элестүү сөздөрдөн, сан атоочтордун ичинен жамдама сандан туунду этиштер жасалат. Ал эми ат атоочтор сөз жасоонун базасы катары бул процесске катышпайт.

Тектеш тилдерде фонетикалык варианттары сан жагынан бирдей эмес. Кыргыз тилинде *-ла//-да//-та* болуп он эки түрлүү өзгөрүп айтылса, казак тилинде ачык үндүү катышкан алты вариантта гана келет. Ал эми түрк тилинде *-1а/-1е* болуп кең үндүү менен эки вариантта гана айтылат. Өзбек тилинде бир гана -ла түрүндө колдонулат. Якут тилинде *-лаа/ /-даа//-таа//-наа* формасында он алты түрдүү айтылат Бирок, буга карбастан, *-ла* мүчөсү бардык түрк тилдерине бирдей мүнөздүү болгон эң өнүмдүү мүчө деп табылат.

Азыркы түрк тилдеринде *-ла* мүчөсү кең үндүүлөр менен *-ла//-ле, -ло//-лө* формасында колдонулат: *еч1 (етЫе - үйдү тазала, зтст Ьа$!а - сынакты башта.* Орто кылым түрк тилдеринде, алсак, Мухмуд Кашгаринин сөздүгүндө бул мүчө сейрек болсо да *-лы//-лу* болуп кууш үндүү менен да колдонулган: Суи> *томлу-ды* - *суумуздады. Ол онун тумлутты* - *Ал анын көңүлүн сууту.*

*-ла* мүчөсү башка формалар менен биригип татаал мүчөлөрдү тузүүгө да катышат: *-лаш, -лан, -лат, -чылап (сенчшеп, аларчылап), -гыла (<гы+ла),* Кий-инкиси кыргыз тилкнде кыймыл-аракетгш кайтшган-гандыгын билдирет.

*-ла* мүчөсү аркылуу, негизинен, өтмө этиштер жасалат. Мындай этиштердин түзүүчү негиздери көбүнчө курал-жарак, аспап, буюм-теге, каражат сыяктуу маанилерди билдирген атооч сездөрдөн болот. Мындай туундулардын түзүүчү негиздерин семантикалык жактан бөлүштүргөндө дал өйдөкү типтегилер басымдуулук кылат.

Кыргыз жана түрк тилиндеги -ла мүчөсү аркылуу жасалган этиштерди түзүүчү негиздеринин конкретгүү маанилерине карай бир нече топко бөлүп короого болот:

1. Түзүүчү негиздери курал-жарак, аспап, шайман маанисиндеги этиштер: *найзала, мылтыкта, бычакта, токмокто, чалгыла, керкгме, аргамжыла жүгөндө, муруntукта, камчыла, кемечте, көгөндө тушамышта, кишенде, сагалдырыкта, көнөктө, чакала, чөйчөктө, тиште, карышта, кулачта, аркамл адымда; ШЫетеЬ, ЫдаЫатаЪ, ЫтдиатаЪ ж.б.*

2. Түзүүчү негиздери ар кандай материалдарды, каражаттарды билдирген этиштер: *асфальтта, бетондо, гримде, сырда, шиферле, полдо, тактайла,* ш-Г *тында, кумүштө, кундузда, кымкапта, жабууяал майла, мордо, кумда, желимде, самында, калкала',\ ии1атаК, уа$*1атаЪ, 1иг1ата1<.* ж.б.

3. Түзүүчү негиздери процесстин аты маанисиндеги этиштер: *ацда, жомокто, мунөздө, муцда, кый мылда, өпкөлө, кадырла, кабарла, аялоа, бийле, тамашала, опузала, чалгында, сүрдө, маанала, жьш-1 та, ирщде, кордо, музда, ышта, буула, өрттө, терде, саймала; 1$1ете1с, Уиг£и1ата'&* ж.б.

4. Түзүүчү негиздери белги маанисиндеги этиштер: *жеңилде, туюкта, арыкта, бекемде, теңде, текеле, толукта, жукала, жакшыла, кыйында, майди-Ё ла, текшиле; а^а^иата^, $агагта1с, Ь,кагта1\ £д£егте/с. /сагагтаК* ж.б.

5. Түзүүчү негиздери объект мааниcкдеги этиштер: *моюнда, кекиртекте, кулакта, колтукта, алкшда, тизгинде, жүктө, көмөчтө, умачта, шыиракпщ жемде, куйкала, таманда, отто* ж.б.

6. Түзүүчү негиздери мейкиндик жана мезгилдик маанисиндеги этиштер: *ташта, утурла, кыйщ*
*бөксөлө, өзөндө, жогорула, эциште, жуукта, өйдөлв, төмөндө, жакала, этекте, жолдо, эртеле, кечтв, кышта, алгала* ж.б.

7. Түзүүчү негиздери сын-сыпат маанисиндеги этиштер: _бөйрөктө, чалкаяа, жамбашта, боорток-то, мончокто, тестеле, калыпта, тезде, кетенчик-те, согончокто_ ж.б.

Кыргыз тилинин кери алфавиттүү сөздүгүндө бул куранды аркылуу бир муундуу зат атоочтордон жасалган токсон бир туунду этиш бар экен. Булардын сөз жасоо маанилерин төмөнкүчө аныктоого болот:

1. Негиз аркылуу туюндурулган заттын таасирине кабылтуу: _музда < муз+ла, уула < уу-*-ла, тузда < туз+ла, ышта < ыш+ла, кумда < кум+ла._

2. Негиз аркылуу туюндурулган ички көйгөй се-зимди, ал-абалды пайда кылуу: _шордо < шор+ла, ыйла < ый+ла, зарла < зар+ла, сызда < сыз+ла, сүрдө < сүр+ла._

3. Негиз аркылуу туюндурулган затты сүртүү, сыйпоо, кошуу: _балда < бал+ла, акта < ак+ла, майла_
_< май+ла, чыкта < чык^ла, сырда < сыр+ла, суула < суу+ла._

4. Негиз аркылуу туюндурулган затка алмашты-руу: _пулда < пул+ла, сомдо < сом+ла._

5. Негиз аркылуу туюндурулган заттан арылтуу: _түкте < түк+ла, челде < чел+ла, жукта < жук+ла, көөлв < көө+ла, ташта < таш+ла, кылда < кыл+ла._

6. Негаз аркылуу туюндурулган зат боюнча акыл се-зимин аракетке келтирүү: _аңда < аң+ла, ошо < ой+ла._

_I._ Негиз аркылуу туюндурулган мезгилди белгилүү бир жерде өткерүү: _жайла < жай+ла, кышта < кы-щ-гла, к\-здк < күз+ла._

_9_ Негиз аркылуу туюндурулган абалга келгирүү: _чымда < ным+ла, камда < кам+ла, тапта < тап+-па, эпте < эп+ла, оңдо < оң+ла._

_]_ 0.Негиз аркылуу туюндурулган затты козгоо, кый-мылга келтирүү: _чаңда < чаң+ла, канда < кан+ла._

II. Негиз аркылуу туюндурулган жерден жүрүү: _жээкте < жээк+ла, боорло < боор+ла, жондо < жон+ла, өрдо < өр+ла._

12. Негкз аркылуу тугондурулган нерсе менен өлчөп-ченөө: _чотто < чот+ла, кезде < кез+ла._

13. Негиз аркылуу туюндурулган нерсе байланыш-кан адамкерчилик сезимди аракетке келтирүү: _сыйла_
_< сый+ла, баркта < барк+ла, даңкта < даңк-гла._

14. Негиз аркылуу туюндурулган элдик салт, ди-ний расми боюнча аракеттенүү: _айтта < айт+ла, тойло < той+ла, сепсе < сеп+ла, тондо < тон+ла._

15. Негиз аркьшуу туюндурулган мейкиндик мезгил-дик абал боюнча аракетке келтирүү: _жанда < жан+ла, тушта < туш+ла, ыкта < ык+ла, бетте < бет+ла._

_16._ Дене-мүчөнү негаз аркылуу абал боюнча ара-кетке келтирүү: _ымда < ым+ла, уучта < ууч+ла, жаңда < жаң+ла, чачта < чач+ла, мушта < муш+-ла, тиште < тиш+ла._

17. Негиз аркылуу туюндурулган зат менен бе-китүү: _мыкта < мык+ла, каңда < каң+ла, батта < бат+ла, тордо < тор+ла, кулпта < кулп+ла, түптө_
_< түп+ла._

18. Негиз аркылуу туюнцурулган нерсе же нерсени алуу: _капта < кап+ла, тышта < тыш+ла, сапта < са-п+ла, кепте < кеп+ла, кында < кын+ла, окто < ок+ла._

19. Негиз аркылуу туюндурулган абалда топтошту-руу, бөлүштүрүү: _жупта < жуп+ла, топто < топ+-ла, сортто < сорт+ла._

20. Негиз аркылуу туюндурулган митенин көбөйүшү: _куртта < курт+яа, бйтте < бит+ла._

21. Негиз аркылуу туюндурулган нерсени сезүү: _жыпгта < жыт-^ла._

22. Негиз аркылуу туюндурулган абалга келүү _тер-де < тер+ла кирде < кир+ла._

23. Негиз аркылуу туюндурулган абалда үн чыга-руу: _ыйла < ый+ла, сөздө < сөз^-ла, ырда < ыр+ла, үндө < үн+ла._

24. Негиз аркылуу туюндурулган нерсе боюнча иш кылуу: _сында < сын+ла, иште < иги+ла, сотто < со-т+ла, изде < из+ла._

_25._ Негиз аркылуу туюндурулган нерсени пайда кылуу: _өрттө < өрт+ла, гүлдө < гул+ла, отто < от+ла._

26. Негиз аркылуу туюндурулган абалда кыймыл-аракет жасоо: _бийле < бий+ла._

27. Негиз аркылуу туюндурулган нерсенк токуу, жуктөе: _ээрле < ээр+ла, жүктө < жүк+ла._

28. Негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракет-ти баштоо, ийгиликтүү бүтүшүнө көмөктөшүү: _баш-та < баш+ла, колдо < кол+ла._

29. Негиз аркылуу туюндурулган заттык белгиге келтирүү: _өңдө < өң+ла, учта < уч+ла._

Көрунүп тургандай, -ла курандысынын сөз жасоо мааниси ондоп саналат. Бул маани эки же көп муундуу түзүүчү негиздердин эсебинен көбөйөрү да айдан ачык. Түрк тилдери үчүн да ушундай эле өзгөчөлүк мунөздүү экендиги талашсыз. Бирок, ошентсе да, бул маселе да атайын иликтөөнү талап кьшат.

***Адабияттар***


1. Азыркы кыргыз адабий тили: фонетика, лексико-логия, лексикография, фразеология, морфология, син-таксис, стилистика, текстаануу, лингвопоэтика. -Б., 2009.
2. Грамматика современного башкирского литера-турного языка. -М., 1981.
3. Грамматика современного якутского литератур-ного языка. -М, 1982.
4. ДЛТ - Кашгари М. Девону лугат-ат турки. 1-111 т. -Ташкент, 1960-1963.
5.Дмитриев Н К. Грамматика башкирского языка. -М.-Л., 1948.
6. Дыйканов К. Кыргыз тилинин терс жана кери алфавитгүү сөздүгү. -Алматы, 1989.
7. Казак грамматикаеы. -Астана, 2002.
8. Кононов А.Н. Грамматика современного турец-кого литературного языка. -М.-Л., 1956.
9. Кононов А.Н. Грамматика современного узбек-ского литературного языка. -М.-Л., 1960.
10. Кыргыз тилинин сөздүгү. -Б., 2010.
11. Ког!штг г.Тиг!с1уе Тйг -Ап1сага.,2003.